● Эстутум

# Рыспайдын жан дүйнөсү

***"...Аттиң ай, узун өмүр сүрүүдөн артык бакыт барбы? Бир гана жери ошол жашаган узун өмүр мазмундуу өтсө..."***
***(Р.Абдыкадыровдун кол жазмасынан)***



Бул окуяга көп жыл өттү. Бир күнү иштен чыгып бара жатсам Рыспай аке:

-Үкө, жүр мени менен, сыртта укмуштуудай кар жаап жатат, сүйлөшүп, жөө басабыз, - деп калды.

Экөөбүз ээрчишип сыртка чыктык, асманда ун элеп жаткандай кургак кар жаап жатыптыр. Рыспай аке адатынча чоң-чоң кадамдап жол баштады да, мага бурулуп: "Кечээ биз үйдө жок элек. Тургунбай келиптир, кургур бизди таппай айласы кетип, (сөз ыраматылык акын Т.Эргешов жөнүндө болуп жатат) үйдүн подьездинде түнөптүр, түнөгөндө да "ит жатыш, мырза туруш кылып", алдына кагаз ящиктерди салып жатыптыр, кургурдун бир шише виносу бар экен анысын да олдоксондук кылып төгүп алыптыр, башкасы бир тең, тигинин төгүлгөнү бир тең болуптур. Эрте менен түнкү болгон окуяны кошуп ыр жазып, эшикке кыстарып кетиптир" - деп ырды жатка окуду (ыр эсимде жок). "Анын бешенесине да ит тепкен да, - деп аягандай сүйлөдү Рыспай аке: байкуш жетимдин иши оңолбоду, азыр дубана өңдөнүп, баш оогон жерде жүрө берет, ылым санап мага анча-мынча келип калат. Анан майланышкан дептерин алып, ыр окутат. Турмуштан абдан кыйналды, көрбөгөнүн көрдү, ал эми жазган ырлары жүлүнгө гана тиет. Балким ошол азаптанып жүргөнү таланттуу адам үчүн бакыттыр, адам жашоодогу кыйынчылыкты, сүйүү менен махабаттын ачуусу менен таттуусун башынан өткөрүп, ошолорго таасирленбесе, чыныгы чыгарма жаратышы кыйын го", - деп күрсүнүп койду.

Экөөбүз ээрчишип шаардын түштүк-чыгыш районуна карай кетип бара жатабыз (экөөбүз тең ошол жакта турчубуз).

-Тегеректи карасаң эмне деген керемет, тим эле жомок, мындай кардын жааганын биринчи көрүп жатам, - деп кадыресе толкунданып жатты Рыспай аке. Бир мезгилде күтүүсүздөн эле:

-Эй сен кайсыл мезгилде өлгөндү жакшы көрөсүң? - деп сурап калды, мен чынын айтсам чочуп кеттим, анан:


-Качан күнү-суубуз бүткөндө кете беребиз да, - дедим.

Анда Рыспай аке:

-Мен жадыраган жазда өлүштү жакшы көрөм; жазында мүрзөлөргө да жап-жашыл чөп чыгат, кызгалдактар жайнайт. Анан сенин табытыңды көтөрүп келишет, келген эл дымып, айланада тынчтык өкүм сүрөт, анан куран окулат. Кыраат менен окулган сүрөнүн ыргагында адамдар мемирейт, жонунан күндүн нуру өтүп, тирүү экендиктерине тообо кылышат. Анан өлүк каадасын кылып: "Эй адамдар, Рыспай кандай адам эле?" дейт, эл жапырт: "Жакшы адам эле, жакшы адам..." дешет. Ошол ирмемде гана адамдар тирүүлүктүн таттуу экендигин өмүр, өлүм, жашоо жөнүндө ичтеринен аргасыздан ойлонушат, - деди Рыспай аке тумагындагы карды күбүп. Мен сурап калдым:

-Рыспай аке, эмне эле өлүмдү айтасыз, башка бир кызыктуу окуялар жөнүндө сүйлөсөңүз, - дедим.

-Эй, үка, өлүм ак дейт, анча-мынча өлүм жөнүндө да ойлоп жүрүш керек. Адам "красиво" жашап, "красиво" өлүш керек. Кээ бир адамдар курсагы тойгонуна ыраазы болуп жашай берет, кылган ишинин дайыны жок, табигаттын кудуреттүү гармониясын сезбейт, жөн эле жашай беришет. Ырас, бу дүйнөдөн алаарыңды алып, берээриңди бергенден кийин, тигил жакка да кетишти ойлонуш керек. Балким бул дүйнөдө издеп, таппай жүргөн кооздук менен сулуулуктун кереметин ошол жактан таап аларбыз, адамдар ал жакта таза, ашкере ак көңүл, бири-бирине күйүмдүү болуп калат имиш. Ошондуктан тигил дүйнөнүн сыйкырдуу



керемет жашоосуна да ашыгуу керек, туурабы үка? - деп сурайт. Мен бар же жок дебей, үнчукпай ээрчип кете бердим.

*(Уландысы бар)*

**Букарбай ИМЕТОВ,**
**доц., педагогика илимдеринин кандидаты, ОшМУнун кесиптик кошундар уюмунун төрагасы, 1979-ж., январь, Ош шаары**

● Эстутум

# Рыспайдын жан дүйнөсү

***"...Аттиң ай, узун өмүр сүрүүдөн артык бакыт барбы? Бир гана жери ошол жашаган узун өмүр мазмундуу өтсө..."***

***(Р.Абдыкадыровдун кол жазмасынан)***

-Менин балалыгым согуштан кийинки жылдарга туура келди, көрбөгөндү көрүп чоңойдум, - деп сөз баштап, анан Рыспай ака атасы Абдыкадырдын согуштан кайтпай калганын, апасы колхоздун эчкисин багып, эчки саaганда улактар бутун тебелеп канатканын, ошондо бул турмушта бригадирден чоң кудуреттүү адам болбосо керек деп ырдаганын, жеңеси менен болгон махабатын, мандалин үйрөнгөнүн, Жалалабаддагы маданият үйүнө иштегени, үйлөнгөнү, ажырашканы, Оштогу пединститутта окуганы, Фрунзеде филармонияда иштегени, Давлет жеңе менен биринчи жолугушуусу, сүйүүсү, турмушу, обондорунун тарыхы, достору, акыркы убактарда чоң концерттерде номер беришпей, бут тосушкандыгы, окутуучусу М.Оморов жөнүндө узак сүйлөдү (булардын ар бири өзүнчө сөз болуучу темалар). Бирде токтоп, бирде жай басып жолубузду улантып келатабыз. Кар болсо лапылдатып жаай берди, мен биротоло улуу таланттын кайталангыс турмушуна сүңгүп кирип, айткан сөздөрүн эске сактоого аракеттенем. Бир убакта үнүнүн интонациясы өзгөрүп:

-Эми, үка өмүр билинбей ушинтип өтө берет экен, мына бул жааган кар убагы келгенде тез эле эрип жок болгондой, өмүр деле ушундай үка, убагы келгенде адамдар деле билинбестен эрип кете берет экен. Бул жалган дүйнөдөн не деген адамдар өтпөгөн, - деп сөзүн аяктады.

-Рыспай ака үйлөргө да жакындай калыппыз, сөзгө кызып, ушунча аралыкты басып коюппуз да, - дедим.

-Бүгүн ушундай бир башкача күн болуп турат, биздин махаллага жакын келип калыппыз, мен азыр, - деп жол боюндагы дүкөнгө кирип, тез эле чыкты да, мени Ак-Буура дарыясын көздөй баштап жөнөдү, дарыя көкмөк, таптаза болуп агып жатыптыр. Рыспай ака сууну бир саамга карап туруп:

-Кар жааганда суу да, айлана да, адамдар да тазаланат экен, карасаң мөлтүрөп агып жатканын, Ак-Бууранын жээгине кышта атайлап келгеним ушул, мурда эмне байкабадым экен, - деп тамшанып, - ме куй! - деп чөнтөгүнөн арак менен стакан алып чыкты. Аракты ачып, стаканга куюп ага сундум, Рыспай ака колундагы стаканды сынай карап туруп, шарт ичип жиберип, эңкейип кар алып оозуна салды. Мен да Рыспай акени тууралдым. Анан Рыспай ака: Чынын айтсам көптөн бери бүгүнкүдөй эс ала элек болчумун, жаным жай алып, бир эле башкача болуп турам, мен сага айтсам ушу бир жаңылык болуп жаным тыным албай эргип, бир нерсеге талпынып ага кыйынчылык менен жетип турбасам зээригип кетем, жашоо кызыксыз болуп ээнсирей берем. Жакшы музыка жаратыш үчүн азаптануу керек. азаптануу - чыгармачыл адамдын бактысы, болгондо да жан дүйнө чабалактап, сезимдериң чыңалышы керек. Көпчүлүк убакта аялзаттын жан-дилиң, акыл-сезимиң менен сүйүп, ага жете албай, какшаганыңда кайрыктар мени жаз деп, күйгөнүңдө гана кошок кошосуң да, үка, - деп сөзүн тамаша менен бүтүрдү. Стакан айланып, сөзүбүз каймактап, сезимдер майин тартып, айланадагы жааган кардын сөз менен айтып бере алгыс кереметине суктанабыз. Бир мезгилде Рыспай ака:

-Токто, токтой тур! Мына келип калды, келе жатат, мына! - деп туруп, капилеттен эле буркурап ыйлап жиберди. Көздөрүнөн жаш куюлуп солкулдайт, мен эмне кыларымды билбей таң калып тура бердим. Сапырылып жааган карга аралаш Рыспай ака өксүп ыйлап жатты.

-Кой ака, туруң, жүрүңүз? - дегениме болбой:

-Кое тур, азыр... азыр бошонуп алайынчы, - дейт да, кайра эле ого бетер шолоктойт, тооба! Бул адамга эмне жетпейт, талант десе талант, даңк десе даңк, аброю, дегиле адам баласына эмне керек болсо бардыгы бар, эмнеге эле мынча боздойт, - деп ойлоном. Көрсө, ошол мезгилде Рыспай аканин жан-дүйнөсүнүн четин да билбептирмин. Оо кийин да көп ирет Рыспай ака менен бирге жүрүп, бирге туруп, бир кафедрада иштеп калдык, бир канча жолу кадыресе көздөрүнөн куюлган жашты көргөнмүн. Көрсө, улуу таланттын жан дүйнөсүндө биз сезбеген, биз жеткире түшүнө албаган, бир керемет күч булук салып, анын удургуган толкуну бүткүл денени аралап жанын түйшүккө салчу экен. Менин жекече байкоомдо Рыспай ака көңүлүндө аздектеп, сактап, кыялданып, элестетип жүргөн жашоодогу кооздук менен сулуулукту, адамдардын ортосундагы эң бир назик, бири-бирине эч кандай жамандыкты ойлобогон көңүлдөрдүн тазалыгын реалдуу турмушта көрө албай, күндө аралашып, көрүп жүргөн бул жалган дүйнөдөгү адамдар ортосундагы адилетсиздик, эки жүздүүлүк, чыккынчылык, жалганчылык, күн карамалык сыяктуу пендечиликте болуучу көрүнүштөргө өзүнчө кыйналып, анын жандырмагын чече албай, өзү кыялында түзүп алган жашоонун моделин сөз менен да, музыка менен да көңүлүндөгүдөй бере албай туталанып, өзү менен өзү алек болуп, анан ичиндеги бугуп жаткан ошол аруу, эч нерсе аралашпаган таза сезимдерди музыканын ыргагына салып, бирок музыканын да кудурет күчү алсыздык кылганда, анан көз жашын төгөт шекилдүү... Арман ай.

Оо, ошондо, бир топ убакыт өткөндө Рыспай ака ата-энесине таарынган бала кейиптенип, ык тута, улутунуп барып токтоду да:

-Ох, жеңилденип калбадымбы... көкүрөгүмдү мыжып жаткан бир оор жүк көз жаш аркылуу чыгып, жаным жай алып калбадыбы... Жүр кеттик - деп, үй жакка карай жол баштады.

Айлана коюуланып кеч кирип калыптыр. Кар болсо күчөгөндөн күчөп жаап турду.





**Букарбай ИМЕТОВ,**
**доц., педагогика илимдеринин кандидаты, ОшМУнун кесиптик кошундар уюмунун төрагасы, 1979-ж., январь, Ош шаары**